**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

12-декабрь 2022-ж. № 19 Бишкек ш.

**Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №27 жана 2022-жылдын 6-июлундагы № 08 буйруктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 1-декабрындагы № 546 токтомунун (№ 9э/к-4/4 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңешине кароо укугу берилген адистиктердин тизмесине 07.00.15 – эл аралык мамилелердин жана тышкы саясаттын тарыхы адистиги киргизилсин.
2. Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин мүчөсү тарых илимдеринин доктору, доцент Усупова Назира Станбековнага 07.00.15 – эл аралык мамилелердин жана тышкы саясаттын тарыхы адистиги боюнча тарых илимдердин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу берилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**